**УДК 373.2**

***Токтакунова Д.Ф., Мамбеталиев Ж.Т.***

*Токтакунова Дилбара – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*

*Мамбеталиев Жолдошбек – ага окутуучу, С. Нааматов атындагы НМУ*

# АДЕПТИК ТАРБИЯЛОО ЖАНА АДЕПТИК БААЛУУЛУКТАР ТҮШҮНҮКТӨРҮНҮН МАҢЫЗЫ

# ЗНАЧЕНИЕ ПОНЯТИЙ НРАВСТВЕННОЕ ВОСПИТАНИЕ И МОРАЛЬНЫЕ ЦЕННОСТИ

# MEANING OF CONCEPTS OF MORAL EDUCATION AND MORAL VALUES

***Аннотация.*** *Бул макалада Башталгыч класттын окуучуларында адептик баалуулуктарды тарбиялоо процесси маселелерине кенен кайрылат.*

***Аннотация.*** *В данной статье подробно рассмотрен процесс воспитания нравственных ценностей у учащихся начальных классов.*

***Abstract.*** *In this article, the process of moral values education in elementary school students is described in detail.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Адептик баалуулуктар, адептик тарбиялоо,баалуулук.* ***Ключевые слова:*** *Моральные ценности, нравственное воспитание, ценности.* ***Key words:*** *Moral values, moral education, values.*

Бардык кылымдарда адамдар адептик тарбиялуулукту жогору баалашкан. Азыркы коомдо жүрүп жаткан терең социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр бизди Кыргызстандын келечеги, кыргыз жаштары жөнүндө ойлонууга аргасыз кылат. Азыркы тапта адептик багыттар жоголгон, өсүп келаткан муунду рухансыз, ишенимсиз, агрессиялуу деп айыптоого болот. Ошондуктан башталгыч класстын окуучуларын адептик тарбиялоо көйгөйүнүн актуалдуулугу, эң жок дегенде, төрт жобо менен байланышкан:

Биринчиден, биздин коом билимдерге гана ээ болбостон, бийик инсандык сапаттарга да ээлик кылган кеңири билимдүү, жогору адептүү адамдарды даярдоого муктаж.

Экинчиден, азыркы дүйнөдө кичинекей адам ага оң дагы, терс дагы күчтүү таасир кылуучу булактар менен курчалып жашай жана өнүгөт, алар баланын али бекемделе элек интеллекти менен сезимдерине, эми гана түптөлүп жаткан адептик чөйрөсүнө күн сайын жулунуп киришет.

Үчүнчүдөн, билим берүү өзү адептик тарбиялуулуктун бийик деңгээлин кепилдей албайт, анткени тарбиялуулук – бул адамдын күнүмдүк жүрүм-турумундагы анын башка адамдарга сыйлуу жана жакшылык каалоочу мамилесин аныктоочу сапаты.

Төртүнчүдөн, башталгыч класстын окуучусун адептик билимдер менен куралдантуу аны азыркы коомдо бекемделген жүрүм-турум ченемдери менен гана тааныштырбастан, ага ченемдерди бузуунун кесепеттери жөнүндө да түшүнүк берет.

Жалпы билим берүүчү орто мектептин астына болуп жатканды өз алдынча баалоого жана өз ишмердүүлүгүн айланадагы адамдардын кызыкчылыктарына

ылайык курууга жөндөмдүү жоопкерчиликтүү жаранды даярдоо милдети коюлат. Бул милдетти чечүү окуучунун инсанынын туруктуу адептик касиеттерин түптөө менен байланышкан.

Биз изилдеп жаткан көйгөй Н.М. Трофимованын, Я.И. Колдуновдун, И.Ф. Харламовдун ж.б. уңгулуу эмгектеринде чагылуу тапкан, аларда адептик тарбиялоо теориясынын негизги түшүнүктөрүнүн маңызы айкындалат, адептик тарбиялоонун принциптернин, мазмунун, формаларын, усулдарын андан ары өнүктүрүү ыктары көрсөтүлөт.

Адептик тарбиялоонун негизги милдеттери:

1. Адептик аң-сезимди калыптандыруу;
2. Адептик сзеимдерди тарбиялоо жана өнүктүрүү;
3. Адептик жүрүм-турум билгичтиктери менен көндүмдөрүн иштеп чыгуу.

Ошентип, адептик тарбиялоо – бул тарбиялануучуларда коомдук моралдын талаптарына туура келүүчү адептик баалуулуктарды түптөө максатында алардын аң-сезимине, сезимдерине жана жүрүм-турумуна максаттуу жана тутумдуу таасир кылуу.

Адептик тарбиялоонун эң маанилүү каражаты маданиятта тарыхый өнүгүүнүн түрдүү этаптарында түзүлгөн адептик идеалдарды, б.а. адам умтулуучу адептик жүрүм-турумдун үлгүлөрүн колдонуу болуп саналат. Эреже катары, адептик идеалдар гуманисттик дүйнөкөрүмдүн алкагында адам өзүн курчап турган табияттык жана социалдык чөйрөгө өз мамилесин алар аркылуу билдирүүчү, адамдын айланасына топтолуучу көз караштар менен ынанымдардын жалпыланган тутуму катары түптөлөт. Мында адамдын мамилеси дүйнөнү объективдүү реалдуулук катары баалоону гана эмес, курчап турган турмуш чындыгындагы өзүнүн ордун, башка адамдар менен байланыштарын баалоону да камтыйт.

Адептик тарбиялуулук маңызды билүү деңгээли жана адептик сапаттарды, ченемдерди, эрежелерди түшүнүү, жалпы адамзаттык баалуулуктарды аңдалган кабыл алуу, каалаган, анын ичинде эстетикалык, чыгармачыл багытталган ишмердүүлүктө аларга багыт алуу, ошондой эле эмоциялык көрүнүүлөрдүн мүнөзү жана деңгээли менен мүнөздөлөт.

Кенже мектеп курагындагы балдардын адептик тарбиялуулугунун ченөлчөмдөрүн бөлүп көрсөтөлү:

1) когнитивдүү чен-өлчөм, анын көрсөткүчү: адептик элестетүүлөр менен түшүнүктөрдүн толуктугу жана көлөмү;

2) эмоциялык-баалуулуктук чен-өлчөм, анын көрсөткүчтөрү: а) адамдарга баалуулуктук мамиленин зарылдыгына ынаным; б) курчап турган турмуш чындыгынын жана адам мамилелеринин адептик аспектилерин эмоциялуу баштан кечирүүгө жөндөмдүүлүк;

3) жүрүм-турумдук чен-өлчөм, анын көрсөткүчтөрү: а) өзүнүн жана айланадагылардын жүрүм-турумуна адептик баа берүүгө жөндөмдүүлүк; б) жүрүм-турумда кабыл алынган адептик ченемдер менен эрежелерди ээрчүүгө даярлык практикалык тажрыйбасынын барлыгы; в) көйгөйлөрдү (оорчулуктарды, тоскоолдорду) жоюунун жүрүшүндө кабыл алынган адептик талаптарды, ченемдерди жана жүрүм-турум эрежелерин жетекчиликке алып, адептик тандоо жасоодогу өз алдынчалык даражасы [Колдунов, 2007: 91].

Адептик тарбиялоо көйгөйү дайыма актуалдуу болуп келген. Түрдүү тарыхый доорлордо жана жашоонун түрдүү мезгилдеринде түрдүү адамдар үчүн алдыңкы планга түрдүү максаттар менен баалуулуктар чыгып турган. Азыркы тапта тарбиялоо адамдын бардык жосундары башка адамдардын жашоо шарттарын реалдуу өзгөртүү катары чыгышары көз карашынан талданат. Тарбиялоо тарбиялануучунун конкреттүү кубулуштарды баалуулуктар же баалуулук эместер катары андоосун, аларга карата белгилүү бир мамиле жасоосун болжойт. Баалуулуктук багыт алуулар бүт өмүр бою калыптанышат, бирок адептикбаалуулуктук багыт алуулардын өнүгүүсү үчүн көбүрөөк маанилүү учур 6-12 жашар курак болуп саналат, бул кезде курчап турган дүйнөнү жана өзүн таануунун интеллектуалдык механизмдери салынат. Мектепке кирүү менен балдардын өнүгүү шарттардын бурулуш болуп өтөт. Бүткүл жашоо нугу жана баалуулуктары башка болуп калат. Кенже мектеп окуучусунда жаңы умтулуулар мүмкүндүгүн жана турмуш чындыгына карата мамилелердин зарыл деңгээлин шарттоочу инсандын сапаттарын интенсивдүү түптөө болуп өтөт. Кенже мектеп окуучуларынын башкы психологиялык жаңы курулмасы турмуш чындыгына чыгармачыл мамиленин өнүктүрүүчү негиздери, адаи ишмердүүлүгүнүн ар кыл формаларына багыт алуу билгичтиги, оолак түшүнүктөрдү колдонуу жөндөмдүүлүгү болуп калат, инсандык рефлекстер түптөлөт. Окутуу аркылуу кенже мектеп окуучуларын адептик жалпы адамзаттык баалуулуктарга акырын тартуу, чукулдатуу жүрөт.

**Адабияттар:**


1. Богданова, О.С. Этические беседы с школьниками [Текст]/О.С.Богданова. – Москва, 2007.-310с.
2. Божович, Л.И., Нравственное формирование личности школьника в коллективе [Текст]/Л.И. Божович. - Москва, 2000.-468с.
3. Волков, Б.С., Детская психология развития [Текст]/Б.С. Волков. - Москва, 2000.576с.
4. Григорович, Л.А. Педагогика и психология [Текст]/Л.А.Григорович. - Минск, 2004.312с.


1.